УДК: 821.512.154
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.84

Умарова Р.
К. Карасаев атындагы БМУ

# ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН "КУТ АЛЧУ БИЛИМ" ДАСТАНЫНДАГЫ РУХАНИЙ БААЛУУЛУКТАР

**Аннотация:** Бул макалада Жусуп Баласагындын "Кут алчу билим" дастанынын жазылыш тарыхы, чыгарманын бир нече аталыштары тууралуу маалыматар берилген. Дастанда Жусуп Баласагындын жеке адамдан баштап мамлекет башкаруучулардын адамдык сапаты, милдети, адамдын адам алдындагы парзы катары чагылдырган баалуу идеялары тууралуу сөз болот. Акын чагылдырган образдардын, идеялардын эскирбес күчү, мыйзам ченемдүүлүктөрү жана алардын философиясы талданган. Акын бул чыгармада мамиленин бир нече түрлөрүн атагандыгы чечмеленет. Мамиле түшүнүгү адам баласынын башкалар менен ар кандай карым-катышта, байланышта болуусунун, адамгерчиликтин, өнөр ээлерин кадырлоонун чен-өлчөмү катары берилиши изилденген. Анын тил тууралуу, акындарга карата мамиле тууралуу айткан залкар ойлорунун маани маңызы, учур маселелери менен байланышы аныкталып, илимий-теориялык түшүнүктөр менен ырасталган.

**Түйүндүү сөздөр:** акын,дастан,образ, идея, тарых,мыйзам ченемдүүлүк,философия, мамиле, чен-өлчөм, тил, маселе, илимий-теориялык.

Умарова Р.
БГУ имени К. Карасаева

# ДУХОВНЫЕ ЦЕННОСТИ В ДАСТАНЕ ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА ”БЛАГОДАТНОЕ ЗНАНИЕ"

**Аннотация:** В этой статье рассматривается история создания произведения Жусупа Баласагына «Благодатное знание», а также несколько названий этого произведения. В произведении рассказывается о ценных идеях Жусупа Баласагына о человеческих качествах, обязанностях и ответственности правителей государства, начиная с личности. Анализируется вечная сила образов, идеи, выраженные поэтом, законы и их философия. В этом произведении поэт упоминает несколько видов человеческих отношений. Понятие отношения исследуется как мера отношения человека к другим, гуманности, уважения к талантливым людям. Значение его великих идей о языке и отношении к поэтам было определено и подтверждено научно-теоретическими понятиями.

**Ключевые слова:** поэт, дастан, образ, идея, история, закономерность, философия, отношение, мера, язык, проблема, научно-теоретический

Umarova R.
BSU named after K. Karasaev

# SPIRITUAL VALUES IN YUSUF BALASAGHUN'S WORK ”KUTADGU BILIG"

**Abstract:** This article discusses the history of Yusuf Balasagyn's work "Kutadgu Bilig" (Blessed Knowledge), as well as several titles of the work. The work tells of Yusuf Balasagyn's valuable

ideas about the human qualities, duties and responsibilities of the rulers of the state, starting with the individual. The eternal power of images, ideas expressed by the poet, laws and their philosophy is analysed. The poet mentions several kinds of human relationships in his work. The concept of relationship is explored as a measure of a person's attitude towards others, of humanity, of respect for talented people. The significance of his great ideas about language and attitudes towards poets has been defined and confirmed by scientific theoretical concepts.

**Keywords:** poet, dastan, image, idea, history, regularity, philosophy, attitude, measure, language, problem, scientific-theoretical

Жусуп Баласагын ал Токмок калаасынын Бурана мунарасы турган жерде Баласагында туулган. Чыгарма маалыматтарга караганда XI кылымда жазылган.1069-1070-жылдары 18 айдын ичинде 54 жашында жазылып бүткөн. Уч нускасы белгилүү. Венада-(Австрияда), Египетттин борбору Каирде, Наманганда. Намангандагы нускасы араб тамгасы менен жазылган. Кашкардык Арстандын небереси, Али –Хасандын уулу акыйкат менен диндин таянычы, ашкан айкөл, ардактуу улуу өкүмдар Табгач Буура ханга арналып жазылган. Автор дастанды Аллах Тааланы чексиз мактоолор менен, Жараткандын жалгыздыгын, түбөлүктүүлүгүн, амиринин чексиздигин жана башка сыпаттарын айтуу менен баштаган. Чыгармада Жерди, Айды, Күндү, кеңдиги чексиз, көз жетпеген түпсүз ааламды, кыбыр эткен жашоону, деңизди, тоону түздү, ааламды, адамзатты, жан-жаныбардын бардыгынын жаралышын Жараткандын амири, буйругу акыйкат, чындык менен байланышта баяндаган. Андан кийин Мухаммад Салаллаху вассаламга салаваттар айтылган. Демек, дастандан акындын мусульман дининин эрежелерин жетиштүү өздөштүргөндүгү, дин жолуна чындилинен берилип кызмат кылуу, Аллахтын ыраазычылыгына ээ болуу башкы максаты болгондугу көрүнүп турат.

Эмгектин аталышы да акылмандар, окумуштуулар тарабынан ар кандай аталып, которулуп келген. ”Чиндин төрөлөрү бул китепти “Такывалык жыйнак” деп аташты, Мачиндин өкүмдарларынын мурасчылыры “Мамлекет түркүгү” дешти, Чыгыш өлкөлөрүнүн акимдери “Өкүмдарлар зыйнаты” деген ат беришти, ирандыктар - түрктөрдүн “Шах китеби” деп коюшту, айрымдар болсо “Өкүмдарларга осуят китеп” дешип, турандыктар “Куттуу билим” аташты. [1,19-б.]

Чыгарманын жазылганына миң жылдан ашуун убакыт өтсө да, анын камтыган идеясы, мазмуну мындан ары да ар бир мезгил, ар бир инсан, ар бир коом, мамлекет үчүн да өтө зарыл, күнүмдүк жашообуз менен да түздөн-түз байланыштуулугу таң калтырбай да, ойлондурбай да койбойт.Бул дастандагы идеяларда жеке адамдын жашоосундагы маселелерден баштап, мамлекетти туура башкарууга чейин, адамдын адам алдындагы парзы, милдети, моралдык-эткалык, психологиялык, педагогикалык, медициналык, тилдик, астраномиялык, бир нече өнөр ээлеринин өзгөчөлүктөрү тууралуу ж.б. маселелер камтылган. Тагыраак айтканда, чыгарманын идеялары менен баалуулуктары адам адам болуп жаралгандан баштап акыр

заманга чейинки биздин жашоо-турмушубуздун түздөн-түз эреже-талаптары катары жашай берери талашсыз.

Көркөм талант жалпы адамзаттын бактылуулугунун акыйкат жолун Ислам дининин эреже талаптары менен жашоо жолунан көрө алган. Анткени ал дастандагы Кунтууду, Айтолду, Акдилмиш, Өткүрмүш сыяктуу каармандардын иш-аракеттеринен, алардын бири-бирине жасаган мамилесинен, диалогдорунан ачык маалым болуп турат. Билим, акылмандык менен айкалышкан адилеттик болбогон жерде дөөлөт да болбойт, болсо да көпкө узабайт, каниетсиздик, өзүмчүлдүк, ачкөздүк,текебердик болгон жерде дөөлөт токтолбойт, ал өзгөрүлмө, кубулмалуу келип-кетүүчү нерсе катары баяндалат. Күнтууду – бийлик ээси, адилет жана чындыктын символу.Анда адам пендесине тиешелүү бардык асыл сапаттар бар, баарынан да ал колундагы бийлигине чиренбеген асыл мүнөзгө ээ, кичипейилдиги, мээрими көнүлдү бурат, увазири Айтолдуга калыс, ага өтө баалоо, кадырлоо менен мамиле жасайт. Айтолду болсо вазир, дүйнө, бакыт, байлык, дөөлөттүн символу. Акдилмиш Айтолдунун уулу, атасынын көзү өткөн соң, анын ордун толтуруу, ишин улантуу үчүн ордун жоктотпой, Ээлик аны кызматка чакырат.Акдилмиш да өкүмдарга башын ийип, бардык кызматына, буйругуна жан-дили менен аткарууга даяр каарман катары берилген, ал эми Кунтууду шах да ага “Атасынын акысын мен берейин, мээрим төгүп баламдай бапестейин” деген таза жүрөктөн чыккан сезими менен мамиле кылат.Дагы бир каарман Өткүрмүш – каниеттин символу.Кунтуудунун акылман мүнөзүнүн, даанышмандык менен жүргүзгөн ишмердүүлүгүнүн натыйжасында ар бир кызматкери да, эли да андан бакыт табат.Ошентип Кунтууду чыгармада акылдуу, ал элди адилет башкарган, айткан сөзү менен жасаган иши дал келген, алысты көрө билген, ой жүгүртүүсү терең, ишке чапчаң, бийлик саясатын өтө мыкты түшүнгөн, зор кайраты менен ынтаа, ыкыластуу жагынан үлгү каарман. Аалымдарды колго алып, билимдүүнү ишке салган, алардын ар бири менен көнүлүн таап, ынак мамиле түзө билген, өз ишине коңшу өлкөлөрдүн иш билги, жакшыларын да көмөккө тарткан адилет өкүмдар катары сыпатталат.”Чыгарманын башынан аягына чейин бийлик ээсинин кынтыксыз беделге ээ болушу,татыктуу өмүр сүрүп, бардык адамдар үчүн үлгү болушу керек деген пикир өзөк катары тепчип өтөт.Мына ошондо гана абийир бедели бийликтин күчтүү көрөнгөсүнө айланып, адамдар абийири бийик бийлик ээсисинин айткандарын кыйшаюусуз аткарып калышат. [2,160-б.]

Ошентсе да, ал иштин көзүн билген, ак көңүл, акылдуу, чынчыл,так иштеген, элди башкарууга кеңешчи көмөкчү боло алган жардамчыга муктаж болот. Кунтууду ар бир ишке жардамчы керектелерин, эгер жардамчы жакшы болбосо башчы, бийлик ээсине көп күч келип, түйшүк артып, кырсыкка да батарын, кыраакылык, ар бир иште тактык эсеби болушу зарылдыгын өзү эскертет. Бул азыркы күн үчүн да ар кандай жетекчи үчүн башкарууда ийгиликке жетүүнүн зор сыры. Дастанда бийлик бул бардык күчтү колуна кармаган жыргал

жашоо эмес, бийликтин жыргалын кырсык жандап, кубанычты кайгы кубалап жүрөт деген чындыктын философиясы берилет. Башчынын көзү, кулагы элде болуп, бийликте сак, калыс болгон кезде гана кырсык андан алыс болот, элдин бактылуу жашоосу башчынын жогоруда айтылгандай сапаттары менен байланыштуулугу түшүндүрүлөт. Чыгармада Кунтууду мына ушундай сапаттарга ээ болгондуктан, өлкө гүлдөп, душмандары да ага баш ийишип, башкалар да баш паанек издеп келишет. Дүйнө эли ага өмүр тилеп, даңкы ашат. Айтолду аны угуп, кызмат издеп Ээликке өзү келет. Анын Ээликти өзү издеп келгени бекеринен эмес. Каармандын мындай аракетин акылман, элге камкор, адилет,так, иш билги, калыс, заң, укук сактаган башчыга, ар кандай жеке адамга да бакыт конот, дөөлөт келет деген улуу идеянын берилиши катары кабыл алсак болот. Жусуп Баласагын жазып калтырган адамзат турмушундагы мындай мыйзамченемдүүлүктөр адам пендесинин адамдык табияты менен Жараткан тарабынан кошо берилген.

Акын чыгармасында адамдар ортосундагы орун алып колдонулуп келе жаткан мамиле, өз ара байланыш, алака, карым-катыш, маселесине терең, ар тараптуу көнул бурган. Мамиле түшүнүгү Жусуп Баласагында адамды адам баалонун, кадырлоонун, карым-катышта болуусунун, адамгерчиликтин, алаканын чен-өлчөмү катары каралган. Моралдык, адеп ахлактык,укуктук норма,чен-өлчөм сакталган жерде бактылуулук бар.Чен-өлчөм бузулган жерде чектен чыгуу, шартталаган байланыш бузулуп, өнүгүүдөн ыдыроого алып келет деген идея мына ушундай жогорудагы каармандардын образдары аркылуу ачыкка чыгат. Адамды бактылуулукка жеткирүүчү төрт сапат адамдар ортосундагы мамилени жөнгө салууда да дайыма зор роль ойнойт, алардын негизги касиети адам баласына бактылуулуктун ченеми, багыты катары кызмат кылат. Алар: билим менен акыл, адилет, дөөлөт, каниет.Адамды адам кылып турган таяныч, түркүк-бул акыл, билим, адилеттик, каниеттүүлүк сапаттар орун алган жерге, адамга дөөлөт өзү келет.Каниет адамды бардык терс көрүнүштөрдөн жамандыктардан, ачкөздүктөн, оору сыркоодон, душмандардан, кайгы-кападан тосуучу чеп, тосмо, сепил. Турмуштагы коомдук маселелердин баарынын келип чыгышы же чечилиши, алардын адамдын акыл-парасатына, илим-билимине, мүнөзүнө инсандын жекече инсандык сапатына байланыштуу деген идея чыгарманын негизин түзөт. Дастандагы **б**актылуулуктун башаты, түркүгү катары чагылдырылган инсандык адеп-ахлактык нормалар Ислам дининин, шарияттын эреже, мыйзамдарындагы, адам мүнөзүнө коюлуучу талап, адеп-ахлактык милдеттер, эрежелер менен үндөшөт. Ислам双 дининде да билим алууга, адам мүнөзүнө, анын калыптанышына өтө зор маани берилип, милдеттендирилет. Акындын эчен кылым, доорлор, мезгил агып өтсө да чыгармасында айтылган идеяларынын эскирбестигинин, маанилүүлүгүнүн сыры Исламдын акыйкат илимине негизделип, түздөн-түз байланышта жазылгандыгында. “Акын үчүн Курьан жазуулары өтө ыйык, ошондуктан Куран аяттарын, сүрөлөрүн өзүнүн жан дүйнөсүнөн, аң-сезиминен өткөрүп,ошол эле маани мазмундун чыпчыргасын коротпой

туруп,өз кабылдоосу аркылуу чагылдырат. Дастанда ал маанилер кайталанганы менен акын үчүн да, окурман үчүн да керектүү зарыл нерсе. [ 3,78-б.] Албетте, акын аны. көп чыгармачылык изденүүлөрүнүн, турмуштук байкоолорунун негизинде бизге үлгү, сабак, иретинде жазып калтырып кеткен.

Чыгармада акын өнөр ээлерине болгон мамиленин бир нече түрүн атайын бөлүп, алардын башка кесип ээлерине окшобогон касиет сапаттарын санап ачып берген. Ордо кызматчыларына, караламан элге мамиле, теги мыкты кишилерге мамиле, даанышман менен илимдүүгө мамиле, дарыгерге мамиле, эмчилерге мамиле, түш жоруучуларга мамиле, жылдыз саноочуларга мамиле, акындарга мамиле, дыйкандарга мамиле ,соодагерге мамиле, устага, кедей кембагалдарга кандай мамиле керектигин айтат. Тарбия, жар тандоо, конокко баруу, конок чакыруу, каниет кылуу ж.б. ар бири боюнча жетиштүү, так эле бүгүнкү кырдаалга байланыштуу бизге эң зарыл болгон турмуштун сабактарын, турмуштун мыйзам ченемдүү көрүнүштөрүн, көйгөйлүү, талуу маселелерге байланышкан акылмандыктын сырларын “Кут билим” чыгармасында камтып кеткен.

Акын чыгармасында өнөр ээлерине карата болгон мамиле иретинде”Акындарга кандай мамиле керектигин баса көрсөткөн”. Демек, акындын жашаган заманында эле акындардын адамзат турмушундагы ролун жогору болгон. Анын зор далилдеринин бири катары ушул дастаны да ага мисал.Миң жылдан ашуун мезгил мурун калтырып кеткен эскирбес илими менен ааламга таанылган залкар ойчул, талант Жусуп Баласагын акындарды, акындыкты аркалаган көркөм сөз ээлерин ой жүгүртүүнүн, таалим тарбиянын, чечендик өнөрдүн алып жүрүүчүлөрү, таанып билүүнүн булагы катары эсептеген.Көркөм өнөр ээлеринин жакшы менен жаманды, ак менен каранын ажырымын образдуу, элестүү тилдик каражаттардын сөздүн күчү менен курч, керек жеринде жатык тил менен ийкемдүү да айта да, жайылта да билген талантын, касиет сапатын санап көрсөткөн. Аларга урмат-ызаат менен мамиле кылууну талап кылган, акындардын башкаларга окшобогон сапаттарынан мына буларды атаган: адилетсиздикти көргөндө ачуу чындыкты айтуудан кайра кайтпаган, жакшыны көргөндө жактап, мактаган табиятын, бирок оңой эмес татаал жолду тандаган өнөр ээлери катары баяндаган: “Алардын миздүү кылыч, өткүр тили, жана да кылдан ичке акын жолу деп, - акындын тилин миздүү кылычка салыштырган. Тилдин жеке адамдын турмушундагы ордуна, тилди колдонуунун жол-жоболоруна көп маани берген. Элибизде тил тууралуу бир нече макалдар бар. ”Бутунан жыгылган турат, тилинен жаңылган турбайт”, ”Өнөр алды кызыл тил”, ”Тил – кылычтан өткүр, баатырдан баатыр” ж.б. макалдар бар. ”Анткени кеп сөз - адам жан дүйнөсү экендигин, сөзү кандай болсо адам ошондой болорун, адамдын мүнөзүн, табиятын, анын кеп –сөзү көрсөтүүчү, күзгү экендигин ата-бабаларыбыз байыртадан баамдап келген, “Чириген ооздон ириген сөз чыгат, “Оозу жаман оорубай өлөт, “Ойноп сүйлөсөң да, ойлонуп сүйлө”, -деп кеп сөзгө этият мамиле кылуу керектигин эскертишет. [4,3-б.]

Демек, кеп –жүрөктүн, жан дүйнөнүн ачкычы, кишинин кеби тууралуу ой жүгуртүп пикир алышуучунун сөзүнөн эле ал тууралуу көп нерсени аңдап билсе болот. Максатка ылайык кеп аркылуу тилдин күчү менен эчен мезгилден берки талаштар, келишпестиктер чечилген, же курчуган. Ошондуктан элибизде "Кылычынан кан тамганды тилинен бал тамган жеңиптир" деген макал бекеринен айтылган эмес. Көп сүйлөгөн кишинин көп сыры ачылат, туура эмес кеп айтып кээде душман арттырат, кээде өзүнүн жан дүйнөсүн ачат, кээде маалыматты ашырып, кээде чындыкты жашырат ж.б. Ошондуктан акын да көп сөздүүлүктөн алыс болууга чакырган.

Жыйынтыктап айтканда, чыгармада адам баласындагы да, үй-бүлөнү да, мамлекетти да туура өсүп-өнүгүүгө алып келген негизги сапаттарга басым жасалат аталат. Анткени булардын бардыгы адамдын жашоосун коштоп акылы, билими, иш-аракети, диний ишеними, түшүнүгү, кулк-мүнөзү аркылуу ачыкка чыга турган, байкала турган көрүнүш. Адамды алга сүрөп, караңгы ойдон чыгарган күч бул акыл, билим. Эгер акыл менен жасалган башталган ишти, максатты чындык, адилеттүүлүк, дайыма жандабаса, билим менен айкалышпаса, ал иш эч качан алыска узабайт, байлык, дөөлөт бактылуулук, алып келбейт. Ошондой эле адамзат үчүн бул чыгарманын баалуулугу зор, эскирбейт, түгөнбөс-акыл насааттарга толгон, өнүгүүнүн өзгөрүлбөс мыйзамы, бактылуу жашоонун формуласы катары актуалдуулугун да, күчүн да эч качан жоготпойт.

**Адабияттар**

1. Жусуп Баласагын. Куттуу билим, Б., 2017
2. Токтоматов Н. Жаманкулов Ж. Мамлекет башкаруу илими.Б., 2011
3. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 4-т., Б., 2012
4. Мусаев С. К-те : Кыргыз элинин чечендик өнөрү. Б. 2015
5. Шериев Ж. Адабият таанытkыч. Ош, 1993